УДК 34:342.2(575.2)
DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-162-165

**Бейшембиев Э.Ж.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Бейшембиев Э.Ж.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Beishembiev E.J.**
KNU named after J. Balasagun

# КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТИНЕ – 100 ЖЫЛ !
# КЫРГЫЗСКОМУ ГОСУДАРСТВУ – 100 ЛЕТ !
# THE KYRGYZ STATE IS 100 YEARS OLD!

**Кыскача мүнөздөмө:** Макала Кыргыздар кайсы заманда пайда болгону жөнүндө: (840ж.) – Кыргыз каганаты; Енисейлик жана Тянь-Шандык кыргыздар; Кыргыз Тоо облусу; ККАО (1922ж.); КАО (1925ж.); КАССР – Конституция (1929ж.); Кыргыз Республикасы – эл аралык укуктун субъектиси.

**Аннотация:** В статье прослеживаются исторические вехи появления кыргызов и формирования кыргызского государства: Кыргызский каганат (840 г.); кыргызы на Енисее и Тянь Шане; Кыргызская Горная область, ККАО (1922 г.); КАО (1925 г.); КАССР – Конституция (1929 г.); Кыргызская Республика – субъект международного права.

**Abstract:** The article traces the historical milestones of the emergence of the Kyrgyz and the formation of the Kyrgyz state: Kyrgyz Kaganate (840); Kyrgyz on the Yenisei and Tien Shan; Kyrgyz Mountain Region, KKAO (1922); KAO (1925); KASSR – Constitution (1929); The Kyrgyz Republic is a subject of international law.

**Негизги сөздөр:** кыргыз; каганат; облус; автономия; республика; конституция; эл аралык укук.

**Ключевые слова:** кыргызы; каганат; область; автономия; республика; конституция; международное право.

**Keywords:** kyrgyz; kaganat; region; autonomy; republic; constitution; international law.

1. **Биздин заманга чейин 201 – жылы** Сыма Цянь “Тарыхый жазууларында” енисейлик кыргыздар жөнүндө эскерет. Ал эми 2019-жылы Ю. Тайшань этникалык кыргыздардын датасын (1045-771 ж.ж.б.з.ч.) Чжоу заманында биринчи жолу эскерилген деген.

**2. Кыргыз каганаты** [1]

840-жылы кыргыздар Уйгур каганатын талкалап, Кыргыз каганатын түзүшүп, 80 - жылдан ашык Борбордук Азиядагы башкы күч болгон.

**1. Кара-Кыргыздар** Фергана аймагын курчаган Тянь-Шанды ээлешкен, андан соң Памир жана Аму-дарья өрөөндөрүн [1].

Ошол заманда, кыргыздар Минусинден Тянь-Шанга көчүшкөн. Анткени, Енисейлик жана Тянь-Шандык кыргыздар бир этносту түзүшкөн.

2024-жылы “Чоң Алтай: Алтайдан Алайкууга чейин” – аттуу эки экспедиция пландаштырылган. Биринчиси Кыргызстандын Кара-Кулжа районунда 4-14 июлунда. Экинчиси: “Чоң Алтай: түрк мураскерлери – 2024” Россиянын Алтай районунун Өнгудай, Улаган жана Кош-Агач райондорунда 10-20 августа. Алтайлыктар Кыргызстандан түрк элдеринин маданиятына тиешелүү археологиялык эстеликтерди табабыз дешүүдө. Дагы, Борбордук Азиядагы көчмөндөр менен автохтондук элдин байланышын изилдөө. Ошондой эле, Тянь-Шандын тоо кыркасында түрк малчыларынын салтына жана ландшафтына адаптацияланышкан [2].

**1. Кыргыз Тоо облусу.**

1920-жылы Казакстан Кыргыз автономиясынын жетекчилери кыргыздар жашаган аймакты өздөрүнө кошуп алуу аракетинде болушкан. А. Сыдыков жана Жусуп Абдрахманов Кыргыз Тоо облусун түзүп, РСФРдин курамына кошулуу идеясына токтолушкан.

1922-жылы Ю. Абдрахманов, А. Сыдыков, А. Арабаев Туркестан АССР курамында “Кыргыз Тоо республикасын” түзүү керектигин демилгелешкен. 1922-жылы Туркестан компартиясынын Борбордук комитети төмөнкү чечимди кабыл алышкан: “Кыргыз Тоо облусу” Туркестан республикасынын курамында болсун. Ошол эле жылы, Туркестан БК Президиуму аталган чечимди бекиткен. Бул тарыхый чечим кыргыз элинин миңдеген жылдар бою эңсегени эле.

1922-жылдын декабрында И.В. Сталин жана РКП(б)нын Борбродук комитети “Кыргыз Тоо облусу” боюнча бүт документтер мыйзамсыз деп жарыяланып, демилге көтөргөндөр “Буржазиялык улутчулдар жана контрреволюционерлер” деп күнөөлөнгөн. Кыргыз мамлекетинин негиздөөчүлөрү Ю. Абдрахманов, А. Сыдыков, А. Арабаев (1933; 1938 ж.ж.) репрессиянын курмандыгы болушкан. Арийне, бул Тоо Кыргыз облусун түзүү далалатынын мааниси чоң. Кыргыздар советтик Орусиянын курамында болсо да автономдук мамлекет түзүштү негиздөө ниетин гана билдирбестен, анын алгачкы саясий уюштуруу кадамдарын жасоого үлгүрушкөн [2]. Бул аракет аркылуу совет кыргыз айдыңдары “Биз дагы айырмалуу улутпуз, биз дагы өз аймагыбыздын автономиялуу макамына татыктуу улутпуз!” – деп өз добушун бийик чыгара жар салган [3].

Ар кандай жазалардан жалтанбай, куугунтуктардан тайманбай, ортодогу айыгышкан күрөштө Кыргыз элитасы жеңишке жетип, натыйжада 1924-жылы 14-октябрда Кара-Кыргыз автономия облусун түзүшкөн. Кыргыз мамлекетин сактап калган Ж. Абдрахманов, И. Арабаев, А. Орозбековдун эрдиктери, кыргыз элинин ар дайым жүрөгүндө [4].

Кыргызстандын окумуштуу-укукчусу К. Нурбековдун социалисттик коомдун адам укугун кысымга алышы жана чектөөсө боюнча курч макалалары, мамлекеттик курулуштун популистик теорияларын жокко чыгырышы, Кыргызстандын келечекте эгемендүү жана көз карандысыздыгы боюнча көрөгөчтүгү, ошол учурдагы компартиялык жетекчилери тарабынан жөнү жок айыпталган [5] .

К.Нурбеков нечен жолу кыялын дүргүтүп, ички дүйнөсүн элеген, ошол учун куугунтук жеген, эгемендикке, 1991-жылдын 31 – августуна алты жыл жетпей дүйнө салган [6].

1970-жылы К. Нурбеков: “Кыргыз ССРнин мамлекет жана тарыхы” китебинде: өз тагдырын өзү чечүү укугу – ар бир элдин (улуттун) укугу, улутка тиешелүү байлык жана аймакты, коомдук-экономикалык башкаруунун формасын жана саясий статусун өзү чечет; керек болсо бөлүнүп, өз алдыча мамлекетти курат. 1985-жылы 57-жашында К. Нурбеков компартиянын кугунтугунан дүйнө салат.

**5. Кара-Кыргыз Автономия облусу (ККАО).**

1918-жылы мурдагы Туркестан генерал-губернаторлугу: Туркестан автономиялуу советтик социалистик республикалары түзүлсүн. Туркестан АССРдин партиялык жана советтик уюмдарында Орто Азиянын улуттук-аймактык бөлүштүрүү маселеси 1920-жылдан тарта көтөрүлө баштаткан [7].

1922-жылы 30-декабрда СССР түзүлгөн. СССР Конституциясы боюнча бирдиктүү мамлекеттин негизги принциби: федерация бекитилген. 1924-жылы 14-октябрда РСФСР курамында ККАО түзүлгөн. 1925-жылы КАО [3]. 1926-жылы КАССР. 1929-жылы Конституция жана Декларация кабыл алынган. Мазмуну: жаңы мамлекеттин түзүлүшү жана кыргыз элинин өз тагдырын өзү чечүү укугу (самоопределение) бекитилген.

Кыргыз АССР Советинин 11 съездинде кабыл алынган Конституциясы (1929 ж.), РСФСР дин БСАКти (ВЦИК) бекиткен эмес. Себеби, советтик автономдук уюмдардын укуктук статусунун белгисиздигинен [8].

2024-жылдын 21-мартында КРнын Президенти С.Н. Жапаров баса белгилегендей: Жаштар жакшы билиши керек, кыргыз эли XX-кылымдын башында трагедиялуу окуяларга дуушарланган, андан соң үркун, ар кандай тосколдуктарды жеңип, бышыктанып, өзүнүн интеллектуалдык көз карашын кенейтип, таануу жана илимий жетишкендиктерин, мамлекетти негиздегендердин талыкпаган эмгеги менен Кара-Кыргыз автономия облусу түзүлдү [9].

**8. Кыргызстан – эл аралык укуктун субъектиси.**

Эл аралык укук, мамлекеттер арасындагы келишимдерди, эл аралык каада-салттарды жана эл аралык укуктун жалпы принциптерин жөнгө салуучу Кодекс [10].

Эл аралык укуктун негизинде, 1990-жылдын 15-декабрында Кыргыз мамлекетинин Декларациясында: Кыргыз Республикасы – көз карандысыз, эгемендүү жана демократиялык мамлекет деп жарыяланган.

1991-жылы мурдагы СССР 15-жаңы мамлекетке бөлүнгөн. Кыргызстанды-Түркия, АКШ, КЭР ж.б. мамлекеттер де-юре таанышкан. 30-мамлекетте КРнын элчилиги, 7-консулдугу ачылган; эл аралык уюмдарда 4 өкүлчүлүк бар.

2021-жылдын 5-майындагы КРнын Конституциясынын 3-пунктунун 1-беренесинде: “Кыргыз Республикасы өз алдынча ички жана тышкы саясатты жүргүзөт” деп өзгөчө бегиленген.

Биз, көз карандысыз, көп тармактуу жана туруктуу тышкы саясатты жүргүзөбүз. Улуттук кызыкчылыкты коргош учун бүт чараларды колдонобуз [11].

2023-жылдын 8-июнунда, Эл аралык Астана форумунда, КРнын Президенти С.Н. Жапаров төмөнкүнү баса белгиледи: “Кыргызстан глобалдык [4] чакырыктардын маанилүлүгүн түшүнөт, аларды чечүүгө өз салымын кошууга даяр. Дүйнө ааламдашуу доорунда жашап жатат. Мамлекеттер менен элдердин ортосунда байланыштар мурункудан болуп көрбөгөндөй тыгыз болуп жатат. Санариптештирүү доорубуз укмуштай мүмкүнчүлүктөрдү берип жатат. Буга байланышкан: “жашыл” экономикага өтүп, климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлаштыруу, суу жана жаратылыш ресурстарын туруктуу пайдалануу турмуштук зарылчылыктан улам келип чыгууда. 2023-жылдын февралында КРсы 2040-жылга чейин Улуттук суу стратегиясын кабыл алдык. Кыргызстан бул тармакта кызматташууну региондук бардык өлкөлөрдүн кызыкчылыгына жооп берет, адилеттүүлук, акылга сыярлык жана тен укутуу негизинде ишке ашыруунун маанилулугун жактайт” [12].

Ошентип, эл эңсеген эгемен мамлекетке акырында жеттик!

**Колдонулган адабияттар**

1. Аристов Н.А. Усуни и кыргызы или Кара-Кыргызы. – Бишкек: Илим, 2001, 582 с.
2. Озмитель М. Алтай дотянулся до Тянь-Шаня // Российская газета, 2023, 20 марта.
3. Чоротегин Т. – Режим доступа: azattyk.org/32758782.
4. Молдокасымов К. Улуттук элита Кыргыз мамлекетин түптөгөн жана бекем сактап калган. – Режим доступа: aimak.kg/interviular/2266.
5. Уметов К.А. К. Нурбеков – улут өз тагдырын өзү чечет. Кубанычбек Нурбеков – эгемендиктин жарчысы. – Бишкек: Турар, 2023, 62 бет; Урматова А.Д., Айдарбекова Г.Б. Кубанычбек Нурбековдун тарыхый – укуктук илимдеги орду // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 2023, №4, 133-бет.
6. Ибраимов О. Нурбеков – алгачкы диссидент. Анык аристократ. Кубанычбеков Нурбеков – эгемендиктин жарчысы. – Бишкек: Турар, 2023, 122-бет.
7. Режим доступа: maralfm.kg/arhives/640799.
8. Курманов З. – Режим доступа: mnenie. akipress.org.unews/un_post:38722).
9. Режим доступа: kg. акипресс.орг /news:2080754.from-portal.
10. Токтобаев Б.Т., Урматова А.Д. Эл аралык укук. – Бишкек: Mir As print, 2023, 3-бет.
11. Кулубаев Ж. Принципы внешней политики Кыргызстана должны оставаться незыблемыми и последовательными. – Режим доступа: mnenie akipress.org/news/un_post:24818).
12. Режим доступа: president.kg|news|speeches|24248.
13. Доолотбакова Р.Ж. Государственный язык и право наследия // Вестник КНУ, 2023, № 1(113), с. 71-77.

УДК 93

DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-165 -173

**Каратаев О.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Каратаев О.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Karataev O.**
KNU named after J. Balasagun

# ТООЛУУ КЫРГЫЗ ОБЛУСУН ТҮЗҮҮ АРАКЕТТЕРИ. САЯСИЙ КУРЧ КҮРӨШТҮН ЖҮРҮШҮ (1917-1922 жж.)

# БОРЬБА ЗА СОЗДАНИЕ ГОРНОЙ РЕСПУБЛИКИ. ПОЛИТИЧЕСКАЯ БОРЬБА (1917-1922 гг.)

# THE STRUGGLE FOR THE CREATION OF A MOUNTAIN REPUBLIC. POLITICAL STRUGGLE (1917-1922)

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада 1917-жылдагы төңкөрүштөн кийинки Кыргызстандагы социалдык жана коомдук-саясий кырдаал талданат. Улуттук-аймактык бөлүнүүчүлүк үчүн күрөштүн таңында кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрүнүн көз